# Жайкы өзгөрүү



Автор: Мира Кокоева

Которгон: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Аруке Исакова

# Жайкы өзгөрүү

Автор: Мира Кокоева
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Аруукe Исакова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Жайкы өзгөрүү» (кыргыз тилинде), автор Мира Кокоева, которгон Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Арууке Исакова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Жай айы келип, Марлендин көптөн күткөн каникулу башталды.  Биринчи жолу ал алыскы тоо арасындагы айылда жашаган чоң ата-чоң энесине барып жайы бою жүрдү. Чоң атасы менен чоң апасы экөө  алма, кара өрүк, шабдалы  жана малина өскөн бактуу чоң үйдө жашачу. Алардын бакыракай көзү бар ую,  аты жана апсыйган, төшү ак,  Актөш  аттуу ити бар болчу.  Айланасы  абдан кооз жана жапжашыл эле.

Жай шаардагыдай өтө ысык эмес, көңүлдүү  сыяктанды. Карыялар небересинин келишине абдан кубанышты.

Бирок Марлен бат эле эригип кетти, бакты аралап айланып чыккан соң, ал телефону менен ойноого отурду. Түшкү тамакка отурганда, ал буга чейин көп ичип-жебеген: айран, курут, жашылчалар, шорпо, сүзмө жана эт тасмалга коюлду.

– Сен эмнеге эч нерсе жебейсиң? – деп сурады тынчсызданган чоң энеси. – Сен ооруп калган жоксуңбу?

– Жейм, бирок мындай эмес… – Марлен чоң атасы менен чоң апасына эмне жегенди жактырарын айтуу эч пайдасыз деп ойлоду. Баары бир, бул жерде өзү жактырган гамбургер жана чипсылар жок болуш керек.



Бир күн өттү, ошондо карды ачып, бир нерсе жегиси келди. Муздаткычтагы быштыктан жеп көргүсү келди. «О, абдан даамдуу экен!» – деп ойлоду, ал тургай, бир чыны айран да ичти.

Ошол күндөн тартып, ал үчүн баары башкача боло баштады. Ал көчөлөп басып, жергиликтүү балдар менен таанышып, чоң атасы менен чоң атасынын чарба иштерине жардамдашып, алма, малина жеди, чоң апасы эмне берсе, ошонун баарын жей баштады.





Бир күнү чоң атасы тоодогу алыскы бир айылга бара турган болду да, Марленди өзү менен ала кетти. Кайра тоонун ичке жолу менен атчан кайтып келишти. Убакыт кечтеп, күн караңгы болуп калган.  Актөш алар менен катар желип-жортуп  келе жаткан. Чоң атасы өзүнүн бала кезиндеги окуялардан айтып келе жатты, а Марлендин уйкусу келди. Капысынан ат токтоду да, окуранып  жиберди. Чоң ата тыңшап калды. Актөш коркконсуп атка жакын келе калды. Ал эч качан минтчү эмес.

– Эмне болду, чоӊ ата? – Марлен ойгонуп кетип, эки жагын карай баштады. Айлана көзгө сайса көрүнгүс караӊгы эле, эч нерсе көрө алган жок. Чоӊ ата эч нерсе дебестен, атты камчы менен чапты да, алга жөнөштү. Актөш алардан калбады. Капыстан Марлен алыс-алыстан карышкырдын улуган үнүн угуп калды. Марлен үрөйү учуп, коркуп кетти.

Алар атты катуу теминип, шамалдан да катуу кетип бараткандай сезилди Марленге. Бала аттын үстүндө ары-бери чайкалып, зорго кармап бара жатты. Ал чоӊ атасына катып калгандай жабышып алган.  Аӊгыча оттун жарыгы көрүндү. Бул алардын айылы болчу.





Мына, алар үйгө келишти.

– Эмне, корктуңбу? Алар карышкырлар болчу. Алар бул жерде кээде гана пайда болушат, – деди  чоң ата камырабастан.

– А биз жөө келе жаткан болсокчу? – деп Марлен ого бетер коркуп кетти.

– Биздин тукумдун колдогону бар. Эч нерсе деле болмок эмес, – деп жылмайды чоң ата.

Марлен уктап баратып минтип ойлонду: «Демек мага деле эч кандай жаман нерсе болмок эмес. Мен деле ушул уруктанмын да… Бул, албетте, укмуш!».



Эртеси эртең менен Марлен ат жана Актөш менен учурашканы жүгүрүп барды. Ал үчүн алар баатырлар эле. Эгер кечээ ат мингенди билбегенде эмне болот эле?

Ошентип, билинбей жай айы өтүп кетти. Ал кез, чынында, эң сонун болду. Марлен атка мингенди, аны бакканды үйрөндү. Чоң атасынын чарбалык иштерине жардам берди.



– Мына, сен жигит болуп калдың! – деп чоң атасы небересине сыймыктануу  менен карады.

– Бул – менин неберем, – деп мактанды ал кошуналарына, Марлендин атка минип, чаптырып баратканын көрсөтүп.

– Сен шаарга кайта турган убакыт болду, балам, мектепке даярданыш керек, – деди апасы телефон чалып.

– Эки-үч күндөн кийин барып калам. Мен чоң  атама алма тергенге да жардам беришим керек, – деп жооп берди Марлен.



Шаарга үйүнө келгенде, ал өзүн такыр башкача сезди: өзүнө-өзү  ишенген жана күчтүү сыяктанды. Анын мындай өзгөрүп калганына апасы менен атасы абдан кубанышты. Ал чыныгы жигит болуп калды да!

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН


Автор: Мира Кокоева
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Аруке Исакова



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли